УДК 82.821.0.

А.З.Зулпуев – ф.и.к.,доцент ОшТУ
A. Z.Zulpuev – c.ph.s.,docent OshTU

ТАБИЯТ ЖАНА КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК

Макалада бүгүнкү кыргыз адабиятындагы адам жана жаратылыш темасындагы Ч.Айтматовдун “Ак кеме” деген повести тандалат жана акындар поэзиясынын ири өкүлдөрү Жеңижок менен Барпынын айтышында адам өмүрүн табият көрүнүштөрүн салыштырат. Макала кеңири мисалдар, төгүндөлгүс аргументтер менен жабдылган.

Негизги сөздөр:табият,көркөм чыгарма, жаратылыш, адам, дүйнө, образдар, айбанаттар дүйнөсү.

THE NATURE AND ARTISTIC CREATIVITY

In this article was compared today’s literature on the topic of human and natural selection from the tale of the "White Ship"and representatives of the major poets in Jeŋijok and Barpys aitysh was compared the nature of human life forms. Entry is equipped with a wide range of examples, and compelling arguments.

Keywords: art, nature, natural world, man, world, characters and animals.

Бүгүнкү кыргыз адабиятындагы адам жана жаратылыш темасындагы чыгармалардын ичинен төгөрөгү төп үлгү – чыгарма катары Ч. Айтматовдун «Ак кеме» повестин атасак болоор. Кызыгы, бул чыгарма элибиздин дүйнөнү көркөм аңдоо, чагылдыруу аракетинин эзелки аңызында алгачкы түйүлдүгүн түйүп, бүчүр алып, мезгилдин өтүшү менен бутагын жайып, көркөмдүк, мазмундук жактан толукталып, улам бийиктеп, улам тереңдеп биздин күнгө жеткен «Кожожаш» эпосу менен жана ошондой эле «Карагул ботом» дастаны менен өзөктөш экендигинде.

“Символикалык образдар Бугу-Эне менен Сур-Эчкинин ортосунда жалпылыктар ачык эле байкалып турбайбы?! Кожожаш менен Момундун образдарын эмне үчүн салыштырып кароого мүмкүн болбосун?! Жаратылыш алдында адам баласынын түбөлүктүү жоопкерчилигин, милдеткерчилигин көрсөтүү жазуучулардын башкы маселелери. Бугу – Эне менен Сур-Эчки адамзат тукумунун үзүлүп калбасы үчүн аларга жаратылыш жандыктарынан тартуу кылып келишет. Ошондуктан Бугу-Эне менен Сур-Эчки адамдардын жашоо тиричилигине аралашып, аларга кубат берген күчкө айланып кетишет. Атадан-балага, ооздон – оозго Бугу - Эне менен Сур – Эчкинин жакшылыгы, ыйыктыгы, улуулугу даңазаланып, легенда – жомоктор жаралып, жаратылыштын касиеттүү жандыктарына, анын укум – тукумдарына этият мамиле кылуу насыяты айтылат. Бирок улам мезгил өткөн сайын адамдардын напсиси бузулат да, Бугу –Эне менен Сур – Эчки адамдардын арамдыгына нааразы болушат. (...)

Ошол Бугу – Эне менен Сур – Эчкиге кол көтөргөндөрдүн арасынан Момун менен Кожожаштын элеси да көрүнөт. Момун небересине Бугу – Эне жөнүндөгү легенданы айтып, жар салып жүрүп, анан кайра өзүнө каршы чыгып, мылтыкты колуна алышы акыры небересинен айрылууга алып келдиби! Ушул эпизодго тереңирээк үңүлсөк, Момундун трагедиясы “Карагул ботом” кошогу менен үндөшүп кетет”.

Сөзүбүздүн башында айттык го, “Ак кеме” – адам – жаратылыш темасындагы төгөрөгү төп чыгарма” деп. Повестте окумуштуу А. Акматалиев тарабынан адилет белгиленген негизги өзөк окуялардан сырткары да жаратылыштык образдар кеңири катышып, чыгарманын идеялык – көркөмдүк мазмунунун өнүгүшүндө активдүү функцияга

ээ. Андагы сүрөттөлгөн табияттын көрүнүштөр калейдоскоптук аспап ичиндеги фигуралар сындуу ар кырынан айлантып караганда улам бир симметриялуу көркөм форма, көркөм мазмунга эгедер болуп, чыгарманын башка идеясын толуктап турат.

Маселен повесттин башталышында эле эми гана жетиге жашы толгон баланын табият көрүнүштөрү менен болгон байланышы сүрөттөлөт. Ал адамдардын татаал дүйнөсүн али түшүнө элек, аларга карата өздүк мамилеси иштелип чыга элек, бирок таштар, чөптөр жөнүндө өз түшүнүгү бар. Ал коко тикенди жаман көрөт, ал анын айгышкан душманы, "күндө нечен ирет чабышып өтпөсө чыдап тура албайт. Бирок, кимиси жеңери белгисиз, коко күн санап көбөйүп өсүп баратат. А тиги жол жээктей жер боортоктоп өскөн чырмоок болсо, отоо деп эл жаман көргөнүнө карабай, балага сүйгүнчүк, эстүү чөбүм, жымыгый чөбүм деп келет аны. Башка чөптөр түшпү, кечпи, капарына албай өз бетинче өсүп атса, чырмоок күнгө алгач гүл ачып салам айтат. Күндүн нуру маңдайын жылыткан кезде күлмүндөп көзүн ача келет. Оболу бир көзүн акырын ачып, анан экинчи көзүн, анан көздөрү жумулуп жаткан гүлдөрү биринен сала бири жыбырап ачылат. Ак гүлү, ак көгүш гүлү, дагы башка башка түстөгү теңге гүлдөрү бар чырмооктун...". "бул тегеректеги чөптөрдүн дагы көп түрлөрүн, алардын ар түркүм өнөрлөрүн, мүнөздөрүн биле турган бу бала. Мисалы тиги боор каптап күмүш жылтыр көлбүгөн тулаңга баланын боору ооруйт. Кызык деги ушул тулаң чөп! Өз башына өзү ээ эмес, жел жүргөн жакка жыгылат. Анан калса үлпүлдөгөн жибек чач – баштары желсиз тура албагандай. Үлп эткен жел жүрсө апай беттеги калың тулан толкуп кетет. Арасынан качкан түлкү жондонуп, жылбырска толкун көлбүп турат. Ошол көркүнө маашыр белем тулаң, күткөнү желаргыдан бетер көйкөлөт да көйкөлөт. А кокус жамгыр жаап, же өткүн аралаш мөндүр түшсө, кудай бетин көрсөтпө, баш катаар жар таппай далбас урат. Уйгу – туйгу жапырылып жандалбастап жерге жабышат. Жерге байланган да, качар буту болсо удургуп качып бермек ...".

(Чөптөрдүн "образын" ачып берүүдө жазуучу көркөмдүктүн логикасын абдан туура, чебер пайдаланган. Бул жерде жазуучу эгер коко тикен жөнүндө кеңири айтып калган чөптөр жөнүндө "жана башка ушул сыяктуу" деп жалпы сөз менен токтолуп калса, коко тикен жөнүндө канча кеңири айтпасын, анын "образы" толук ачылбай калмак. Чөптөрдүн "образдары" бирин-бири толуктап, айкындап, бир бүтүн картина түзүп турат).

Аттиң дүйнө, бул жолу Бала менен коко тикендин "күрөшүндө" коко - тикен – орозкулдар жеңип кетишти.

Чырпык чынар боло элегинде кыйрады, ага тегерегинде алсыз адамдар жөлөк – таяныч боло алышпады ал түгүл алар Орозкул - коко тикендин "жеңишине" жардамдаш болушту. Бала адамдардын ичинде да коко тикен сыяктуу жагымсыздары, өз боюн өзү көтөрө албаган алсыздыгынан жер боортоктоп өскөн чырмоок сындуу, "өз башына өзү ээ эмес" тулаң чөп сыяктуу алсыздары бар экенин анык таанып билбеген бойдон кетти.

Бир учурда өз заманынын залкар таланттары, акындар поэзиясынын ири өкүлдөрү Жеңижок менен Барпынын айтышында адам өмүрүн табият көрүнүштөрүнө салыштырып, Жеңижок өнөгүнө төмөндөгүдөй каймана суроо узатат:

Кара – Тоонун төбөсүн,
Кар басканы не болот?
Кайнар булак кашатын
Суу басканы не болот?
Кырка турган катар таш
Ураганы не болот?
Түбү менен чынардын
Сулаганы не болот?
Кара–Тоонун башынан
Күнүң батты не болот?
Ала-Тоонун башынан
Айың батты не болот?

Жеңижоктун мындай каймана суроосуна Барпы акын тайгылбай минтип жооп берген экен:

Кара – Тоонун төбөсүнү
Кар басканын сурасаң,-
Кара болгон чачыңдын
Ак болгону эмеспи.
Кайнар булак кашатың
Суу басканын сурасаң,-
Аккан көз жаш эмеспи!
Кырка тизген катар таш,
Ураганын сурасаң,-
Тиш түшкөнү эмеспи.
Түбү менен чынардын
Сулаганын сурасаң,-
Арка болгон атаңын,
О дүйнө көздөй жол тартып
Жөнөгөнү эмеспи!
Кара - тоонун башыдан
Күнүң батты дегениң,-
Кадырлап баккан атаңдын
Аттанганы эмеспи!
Ала-Тоонун башыдан
Айың батты дегениң, -
Ак сүт берген энеңдин,-
Аттанганы эмеспи!...

Чыңгыз Айтматовдо да чыгарманын башында айлан – чөйрөгө карата баланын анчейин баёо түшүнүгү катары айтылган ой учугу аңдан ары коко тикен – зөөкүр Орозкул, чырмоок – Момун чал, тулаң чөп – Сейдакмат болуп уланып (чечмеленип) отурбайбы. Качан алардын образын талдай баштаганда чыгармадагы адамдык образдар менен жаратылыштык образдарды параллель коюп, автордун өзүнүн чөптөрдүн түрүнө берген анализине кайрылуу жетиштүү. Ошондо чыгарманын каармандарынын мүнөзү, чөптөрдүн “адамдык” сапаттары айдан ачык боло түшөт.

Бул мисалдан улам чыгармадагы табият көрүнүштөрүнө жалаң эле мазмундук планда баа берүү жетишсиз экендиги, ал ошондой эле форма уюштуруучулук планда сюжеттик – композициялык зарыл элемент экендиги айкын көрүнөт. Албетте, Ч. Айтматов өнүккөн адабияттын өкүлү. Ал кайсы темага кайрылбасын, анын ичинде табият көрүнүштөрүнө, өнүккөн адабияттын деңгээлинен туруп мамиле кылат. Өнүккөн адабияттын деңгээлинен туруп мамиле кылат дегендик – ал адабияттын мурдагысын такыр тануу эмес, тескерисинче, андагы бардык жетишкендиктерди өздөштүрүү, өзүнө сиңирүү менен алган темасына жаңыча өңүттөн мамиле кылуу дегендик.

Көркөм адабиятта табият көрүнүштөрүнө кайрылуу ал жаралган алгачкы күндөн эле азыркыдай абалда боло койгон эмес. Адам бир убакта өзүн жаратылыштан бөлүп карай албаган сыңары, көркөм сөз өнөрү искусство катары калыптануунун алгачкы башатында табият көрүнүштөрү менен өтө тыгыз байланышта болгон.

Табият көрүнүштөрүнө акындар поэзиясынын өкүлдөрү, жомокчу – акындар да абдан көп кайрылышкан. Табият көрүнүштөрүнүн негизинде традициялуу көркөм сөз каражаттарын, көркөм ыкмаларды жаратууда акындар чыгармачылыгынын ролу чоң.

Жеңижок менен Барпынын айтышындагы “Кара – Тоонун төбөсүн, кар басканы не болот?...” менен Ч.Айтматовдун коко тикен, чырмоок, тулаң чөптөрүнүн ортосунда байкалган, бирок бекем эволюциялык байланыш жатат. Ал эми ал акындар чыгармачылыгы

элдин байыркы мифологиялык аң – сезиминен бери карай өнүгүп, калыптанган эстетикалык идеалдары, түшүнүктөрүнө түздөн – түз байланышкан.

Эмесе мындан аркы сөзүбүздү мына ошол маселелерге арнап, табият көрүнүштөрүнүн көркөм сөз искусствосунда ээленген орду, аткарган функцияларына кыскача болсо да ырааттуу токтолууга аракет кылмакчыбыз.

Табият көрүнүштөрү, анын ар түрдү ажайып элестеринин көркөм сөз өнөрүндө орун алып калышынын тарыхый тамырлары өтө терең. Ал түгүл табият – оюбузду дагы тактап айта турган болсок, көркөм сөз өнөрүнүн, же дегеле кайсы гана искусствонун түрү болбосун түпкү башаты. Залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматов акыйкат белгилегендей “адам баласы өзүнүн рух дүйнөсүн тышкы табиятты таанып билүү аркылуу калыптандырган жана өзүн ошол табияттын бир бөлүгү катары аңдаган ”.

Ч. Айтматовдун бул айтканын биз сөз кылып жаткан маселеге карата тарыхый планда, көөнө замандын көркөм фактысынын (Бугу – Эне аңызынын) негизинде жалпылоочу мүнөздө айтылган ой корутундусу катары кабыл алсак болот. Бирок, ушул тарыхый, жалпылоочу жыйынтык пикирден ошондой эле чыгармачылыктагы табият көрүнүштөрүнө кайрылуунун эң негизги жана эң жөнөкөй себеби келип чыгат, көңүлүбүздү мына ошого бура кетсек.

Адам баласы адеп турмуш көрүнүштөрүн аңдап түшүнө, тааный баштаганда анын башкы таанычы аны курчап турган айлана – чөйрө болот. Ал, маселен, бир нерсенин актыгын сүткө, карга, булутка, көктүгүн асманга, караны түнгө, тунуктукту сууга, бийиктикти тоого, күлүктүктү атка, ылдамдыкты кушка, назиктикти гүлгө ж.д.у.с. салыштырып үйрөнүү аркылуу түшүнүгү калыптанат, ар нерсенин барк – баасын таанып билет, табити өсөт. Албетте, мындай таанып – билүүчүлүк фундамент таанып – билүүчүдөн түз эле искусство ишмерин жарата сайбайт. Бирок ушундан улам адам баласындагы сулуулук, кооздук жөнүндөгү алгачкы түшүнүктү жараткан, эстетикалык сезимин ойготкон башкы объект, табигый жол – аны курчап турган жаратылыш айлана – чөйрө экендиги жана болгондугу өзүнөн өзү айкын болот.